КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК - КӨЛ РАЙОНУ
ЧОЛПОН - АТА ШААРДЫК
КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИССЫК - КУЛЬСКИЙ РАЙОН
ЧОЛПОН - АТИНСКИЙ
ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

26.09.2022 № 30/19-8

г. Чолпон - Ата

**Чолпон-Ата шаардык кеңешинин XXX чакырылышынын кезексиз XIX сессиясы**

**Чолпон-Ата шаарынын Ананьево-Бишкек ,Чолпон-Ата-Бишкек,Чолпон-Ата - Каракол маршруттук каттамынын жол кире тарифине өзгөртүү киргизип бекитип берүү жөнүндө**

Чолпон-Ата шаардык мэриясынын 2022-жылдын 6-сентябрындагы №01-1-4/10 сунушу жана Чолпон-Ата шаарында жайгашкан "Союз Транс Иссык-Куль" ЖЧКсынын жазган кайрылуусун карап чыгып, шаардык кеңештин «Бюджет, каржы, экономика жана инвестиция тартуу боюнча комиссиясы» жана «Экология, көрктөндүрү, жашылдандыруу, жер, транспорт байланышы, курулуш жана жеке ишкер боюнча» туруктуу комиссияларынын 2022-жылдын 6-сентябрындагы биргелешкен отурумунун протоколун карап чыгып, талкуулап Чолпон-Ата шаардык кеңеши,

**Токтом кылат:**

1.Ананьево-Бишкек ,Чолпон-Ата-Бишкек, Чолпон-Ата –Каракол каттамында жүргөн маршруттук каттамынын жол кире тарифи күйүүчү майдын кымбатташына байланыштуу 2021-жылдын 30/8-3 токтомунун 1.3пунктуна өзгөртүү киргизирлип сентябрынан баштап төмөндөгүдөй бекитилсин.

- 1 адамга Чолпон-Ата-Бишкек -400-00 сом;
- Чолпон-Ата-Каракол-200-00сом;
- Чолпон-Ата- Ананьево100-00сом

2."Союз Транс Иссык-Куль" ЖЧКсынын жетекчиси Белек уулу Кубанычбекке ар бир айдоочунун салонунун ичине тариф, схема, айдоочунун аты жөнү, санитардык норма жөнүндө жарыяны илдирүү жагы милдеттендирилсин.

3.Чолпон-Ата шаарынын мэри Ж.Т.Ормоновго:

- Чолпон-Ата шаарынын күн чыгыш тарабынын жол кыймылына авариялык абал болгондуктан жана жол жүргүнчүлөрдүн коопсуздугун сактоо үчүн Чолпон-Ата–Каракол каттамын ташыган маршруттук каттамдарды жайгаштыруу үчүн шаардын Автобекетинин жетекчиси менен биргеликте иш алып баруу жагын милдеттендирилет.

4.Токтомду көзөмөлгө алуу жагын шаардык кеңештин «Бюджет, каржы, экономика жана инвестиция тартуу боюнча комиссиясы» жана «Экология, көрктөндүрү, жашылдандыруу, жер, транспорт байланышы, курулуш жана жеке ишкер боюнча»туруктуу комиссияларына тапшырылсын.

**Төрага** **Б.Бакиров**

**жиберилди:** иш-кагазга-1, мэрияга-1, "Союз Транс Иссык-Куль" ЖЧКсына-1, массалык-маалымат каражаттарына-1, Облустук юстиция башкармалыгына-1.